ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кверб
Ш5(2=Кы)
С 14

Абдыкадыр
Садыков

# КЫРГЫЗ–КАЗАК АДАБИЙ БАЙЛАНЫШЫ

# АКАДЕМИК ЗЕЙНОЛЛА КАБДОЛОВ

Бишкек – 2007



## АЛГЫ СӨЗ

Кыргыз-казак адабий байланыштары маселеси мурдатан бери келе жаткан, көп жазылып, көп изилденген темалардын бири. Ошондуктан биз тизгинди чукулунан кайрып, өзүбүздүн объектибизге багыт алганыбыз туура го деп эсептейбиз.

XX кылымдын 70-жылдардын башында Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору С.Табышалиевдин председателдиги алдында кыргыз филологиясы боюнча докторлук диссертация коргоо боюнча Адистештирилген кеңеш ачылып, ошол Кеңеште мен 1972-жылы алгачкылардын бири болуп докторлук диссертация коргогон элем. Мага чейин Советтин жогунан М.Борбугулов менен Кулан Рысалиевдер докторлук эмгектерин Алма-Атадан жакташкан эле. Кийинчерээк бул Кеңешти жетектөө профессор Т.Акматовго берилип, (ал тилчи) мен адабиятчы катары анын орун басары болуп иштеп келдик. Ал тушта тил жана адабият боюнча бир гана Совет бар болчу. Адабияттан докторлук диссертация корголуш үчүн жобо боюнча беш доктор кириш керек эле, бирок, менден мурда коргогон К.Рысалиев кайтыш болуп, М.Борбугулов

6102
...АЛЬНАЯ
...Республики
2010 г.

экөөбүз гана адабиятчы болгондуктан, Алма-Атадан кошумча адистерди чакырууга туура келип, Кеңешке филология илимдеринин доктору З.Ахметов, З.Кабдолов, Т.Какишевдер, бир аз кийинирээк Е.В.Лизунова киргизилген. Состав эреже боюнча СССРдин ВАК деп аталган атайын органы тарабынан каралып, коргогон изденүүчүлөргө дипломдор ошол жактан берилүүчү.

Мына ошентип, Адистештирилген Кеңеш Т.Акматовдун жетекчилиги, А.Садыковдун орун басарлыгы менен иштеп жатты. Көптөгөн илимпоздор кандидат, докторлук илимий даражага ээ болушту. Анын эсеп-кысабы атайын чыгарылган «Маалымат көрсөткүчүндө» чагылдырылган. Бул жерде менин өзүмө тиешелүүсүн гана келтире кетейин. Ушул кезге чейин менин жетекчилигим менен корголгон отуз беш кандидаттык жана докторлук диссертациялардын статистикасы төмөндөгүчө (оппонент болгондор): Ахметов З. – Койчуманова Н., Айылчиев К., Турсунбеков Ч., Койчуманова Г. (менден башка жетекчилердин шакирттерин кошпогондо); Какишев Т.– Жайнакова А., Шамшиев Б., Жумабекова К., Акматов Б., Лизунова В.Е. – Мусаев А., Лайлиева И., Кабдолов З.- Шагалова Е.В., Абдырашитов Б., Бакашова Ж.

(кандидаттык диссертациясына оппонент, докторлук ишине А.Садыков менен бирге консультант), Султаналиев И., Айтбаева Н., Байгазиев С. (докторлук жана кандидаттык диссертациясына).

Булар мага тиешелүү гана ысымдар. Ал эми башка окумуштуулардын шакирттерине оппоненттик эткенин эске алганым жок.

Зеке (Зейнолла) (мен ал кишиге дайыма ушундай деп кайрылчумун) жана Т.Какишев жетектеген Адистештирилген Кеңеште менин төмөнкү шакирттерим окумуштуулук даража алышкан: Сыдыков Н., Койчуманова Г., Кадырова А., Дүйшембиева А., Койчуманова Н., фольклорист Ибраимов Кубат.

Жалпысынан алганда казак окумуштуулары менен биздин байланышыбыз отуз жылга жакын мезгилди кучагына алат. Бул арада З.Кабдолов жана башка казак агаиндер менен биз түрдүү-түркүн, негизинен илимий чыгармачылык карым-катнашта жүрдүк. Биз санаган жана санакка кирбеген дагы канчалаган казак филологдору кыргыз боордоштору менен биргелешип, колдон келген жардамдарын көрсөтүп келишти. Алсак, мен кандидаттык диссертациямды Алма-Атада Илимдер Академиясында коргогом. Мага Есмагамбет

Исмаилов деген агай биринчи оппоненттик кылган. Ал кезде Фрунзеде филология боюнча окумуштуулардын саны жетпегендиктен улам Адистештирилген Кеңеш иштөөчү эмес. Кийинчерээк дагы эле ошондой кысталыштан улам докторлук диссертацияларын К.Рысалиев менен М.Борбугуловдор Алма-Атадан жакташкан. Бул жакта өзүбүздө Кеңеш иштей баштаганда да, алар анын ишине активдүү катышып, көптөгөн кыргыздын улан-кыздарын кандидаттык жана докторлук илимий даражага ээ кылууга көмөк көрсөткөн. Атайын оппонент катары же жөн эле Кеңештин ишине катышуу үчүн алар жылдын кайсыл мезгили болбосун «жумушум бар эле», «ал эле, бул эле» деп сыр көрсөтүшпөй, өтө илбериңкилик кылып, «кокуй биз барбасак Советте кворум болбой калса, жаштардын ишине тоскоолдук болбосун» деп, такай келип-кетип турушкан. Бир гана мүнөздүү мисал. Кышында Кордойдо калың кар жатат да, кээде каргашадай болуп, алар келе жатканда бороон чапкын түшүп, машине тайгаланып жүрө албай калат. Эмне кылат?! Кандай айла?! Алардын унаасын ким сүйрөп чыгат? Ошондо Зекендер машинеден чыгып, аны түртүп жүргүзүүгө туура келет. Айтып отурса, бул өзүнчө

жомок. Суроо туулат: Алардын башына эмне иш түштү минтип кыйналып жол жүрүүгө?! Эгерде машина кулап, бир балакет болсо, ал сыяктуу атактуу окумуштуулардын тагдырына ким жооп берет? Мына ошону биз да, тигилер да ойлобоптурбуз. Көрсө, коргоого чыккан адамдын иши токтоп калбасын деген бир гана максат болгон экен! Ушуну ошол кезде диплом алган жаштар (азыр алардын көбү элүүдөн ашып, айрымдары бизнесмен болуп, киши таанылбай калышкан) эсине алышабы?! Ай ким билет? Заман да өзгөрүп, «этиң эмес табагыңды таап ал» абалына келип отурабыз. Антпегенде деле көзү өтүп кеткен Заки Ахметов менен Зейнолла Кабдолов тууралуу газета беттерине эскерип, бирдеме дешет эле го. Ал турмак кечөө жакында көзү өтүп кеткен Закеге топурак салууга эркектерден жалгыз мен барганым уят эле иш болду, билгенге. Кантели, кимге эмне деп сөз айтарды да биле албай башыбыз маң болуп турган чак. Заман, заң бузулду. Антели десек, совет өкмөтүнүн тушунда жыргал заманда Зеке менен Заке (З.Акметов) 60 жана 70 жашка келген курактарында баягы эле «дүжүр» үч-төрт адамдар макала жазып, тигилерди мактап – жактап, көңүлдөрүн көтөрүмүш эттик эле. Дагы жакшы,

бирөөнө (З.Кабдолов) «Кыргыз илимине эмгек сиңирген ишмер» деген наам алып берүүгө жетишип калдык. Калгандарынын жасаган ат көтөргүс эмгектери көмүлүп кала берди.

Октябрь революциясына чейин казактар кыргыз деп эле аталып келгенин бардыгы билишет. Атактуу Алтынсарин өзү окуткан балдарга арнап жазган окуу куралын «Кыргыз хрестоматиясы» деп атаганы белгилүү эмеспи. Демек, алар башында бир эле эл катары эсептелип жүрүптүр. Кыргыздын аты 2000 жыл мурда белгилүү экен. Аздыгына карабай алар казак туугандарга ага катары да эсептелиш керек. Бирок, тагдыр ушул экен. Иниси дүркүрөп өнүгүп кетип, агасы азыркы замандын азабын арбыныраак тартып турган кез. Көптөгөн улан-кыздар Казахстанга барып иштеп, жан багып, кээде көпкөн ини-байлардан тил угуп, ал турмак башка кордукка да чыдап жүрүүгө туура келгендиги ачык маалымдалып жатат. Бул да бир тарых. Эми сөздү жакшылык жагына, б.а., жогоруда баяндалгандай, эки бир тууган элдин бири-бирине кандайча арка-жөлөк болуп жүргөн кездерине бурсак, айталы деген оюбуздун нугуна туура келет.

# УСТАТТЫН УСТАТЫ

Менин аңгемемдин темасы Зейнолла Кабдолов болгон соң анын устаты мухтар Ауэзов тууралуу да эскере кетели. Ал киши жазуучулук иш менен бирге окутуучулук да кызмат этип, Казак пединститутунда Атайтаануу аттуу курс иштеп чыгып, Аль-Фараби, мурдагы Киров атындагы Казак мамлекеттик университетинде фольклордон лекция окуп жүргөн. Анын кыргыз фольклору, айрыкча «Манас» эпосу менен байланышы 1928-жылы Ленинграддан университетти бүтүрүп келип, ТашГУнун чыгыш таануу факультетинде аспирантурада окуган жылдарынан башталган. Азыркы мезгилде Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук Борборунун кол жазмаларды сактоочу жайында М.Ауэзовдун машинкеге басылган эки эмгеги сакталып турат. Бирөө «Киргизская героическая поэма «Манас», экинчиси, «Слушатели и слушательская среда» деп аталат. Булар анын кандидаттык диссертациясынын материалдары экендиги айдан ачык. Ошентип, ал жаш мезгилинен «Манас» эпосуна кызыкчылыгы артып, өмүрүнүн акырына чейин аны менен кол үзүшкөн эмес. 1952-жылы эпостун элдүүлүгүнө

арналган илимий конференция мезгилинде ал аны вульгаризатор-сынчылардын чабуулунан сактап калган. Эпостун бириктирилген кошмо вариантын түзүү жөнүндө жакшы сунуш киргизген. Кыргыздын кээ бир патриот сөрөйлөрү Ауэзовдун ошол эмгегин жокко чыгаргысы келип, казактар «Ауэзов болбосо эпосуңарды ким коргойт эле» дегендей маанайда пикир айтып мактангысы келет. Ансыз деле «Манас» сакталмак» деп бирдемелерди жоромолдоп айтымыш болот. Ооба, алар туура мактанышат. Чын эле эпосту жакшы билген фольклористтин аргументтүү сөзү болбосо, Самаганов, Балтинчилер еврейлерге кошулуп алып, бул чыгарма элдик эмес, феодалдык-хандык деген тыянакка келиши толук мүмкүн болчу. Ауэзовдун идеясы ишке ашып, эпостун үчилтигинин бириккен варианты «Манас» бөлүмү К.Маликов, А.Токомбаев «Семетей», «Сейтек» Т.Сыдыкбеков тарабынан түзүлүп, басмага сунуш кылынган кезде Ауэзов анын талкуусуна катышуу үчүн атайын кубанганын жашыра албай, «ошондогу оюбуз бактылуу ой болгон экен» деп айтканы стенограммада жазылып турат.

Ауэзовдун «Манасты» сүйгөндүгүнүн чексиздигин анын С.Каралаев менен болгон достугу

да маалымдайт. Кез-кезде ал киши Сакеңди машинасына салып Алма-Атага алып барып, коноктоп, сыйлап, студенттердин алдына алып чыгып, «Манас» айттырып, өзүнүн лекцияда айтылган теориялык ойлорун жандуу мисалдар менен далилдеген.

Чыңгыз Айтматовдун «мен чет жерлерге чыкканда эки ыйык нерсем ар дайым жанымда жүрөт: анын бирөө – «Манас», экинчиси – Ауэзов» деген сөзүндө терең маани жатат. Бул жерде ал «Манасты» Ауэзов менен катар коюп жатканынын негизи бар, анткени, Каралаев байыркы эпостун бүгүнкү күндөгү сактоочусу да, жаңы вариант түзүүчүсү да болуп эсептелсе, Ауэзов жаңы доордо жаңы эпос- «Абай жолунун» жаратуучусу. Аталган формуладагы дагы бир маани мындай. Ауэзов анын чыгармачылык «тушоосун кесип», аны жазуучу-психолог катары ачкан инсан адам. Мисалы, ал 1958-жылкы декада убагында «Ак жолуң ачылсын!» деп, ак батасын берип, анын дүйнөгө атын чыгарган устаты да болуп эсептелет. Эгерде Ауэзов болбосо, Луи Арагон кайдагы бир жаш автордун бир кичинекей повестин эмнеге кызыгып окуп, эмнеге убараланып аны француз тилине котормок эле. Бул да өзүнчө төлгө сыяктанган нерсе. Элде

айтылгандай, адамдын тагдырындагы кандайдыр бир орчундуу бурулушка кичинекей бирдеме эбептен себеп болуп калышы мүмкүн. «Жамийланы» кыргыздар анча деле мактап, жактап кабыл алган эмес, тескерисинче күйөөсү армияда жүрсө, бирөөнү ээрчип кетип калган жеңил ойлуу келин катары күңкүлдөшүп, ал турмак Айтматовдун «Балалыгым» деген китебинде айтылгандай, чогулушка да салып, сындап жүрүшкөн. 1958-жылкы декада мезгилиндеги талкууда «Жамийланы» жамандап сүйлөгөн Сытинге деле бул жактан кимдир бирөө шыбырап коюшу мүмкүн да.

## МЕН БИЛГЕН ЗЕКЕ

Адегенде З.Кабдолов М.Ауэзовго кандайча шакирт болуп калганы туурасында айталы. Зеке Алма-Атада тоо-кен институтунда окуп жүргөн кезинде бир- эки жолу КазГУга келип, Ауэзовдун лекциясын угат. Ыр жазып жүргөн жаш жигитти устатынын аябагандай чечендиги, көркөм табитинин күчтүүлүгү өзүнө тартып алат. Анан бир жолу аны менен жекече жолугушуп, жөн-жайын

айтып түшүндүрөт. Ошондон кийин Казак университетине которулуп, окуп жүрөт. Агай менен мамилеси абдан чукул болуп, үйүнө чейин барып, көп жолугушат. Окуусун мыкты аяктаган шакиртин ал университетке окутуучулукка алып калат. Зеке Ауэзовдун жетекчилиги менен кандидаттык диссертациясын коргойт. Ал экөөнүн устат-шакирттик мамилеси мына ушундайча башталат.

1961-жылы Ауэзовдун көзү өтүп кеткенден кийин анын мурасын пропагандалай турган бирден-бир шакирти З.Кабдолов болуп калат. Кечээ жакында Зеке көз жумаар алдында «Менин Ауэзовум» деген роман-эссесин чыгарып, устатынын өлбөс-өчпөс образын жаратып берген. Аны мемуар катары баалагандарга кошула алблас элек. Ал толук кандуу көркөм чыгарма. Кабдолов Ауэзовдун документке негизделеген көркөм да, тарыхый-инсандык да портретин таасын тартып берүүгө жетишкен.

2006-жылдын 27-августунда Алма-Атадан суук кабар алдык. Акыркы эки жылдан бери катуу оорудан жабыр тартып жүргөн Зекебиз көз жуумптур. Бул суук кабарды мага Мелис Акматалиев жеткирди. Ал учурда мен дачада – Орокто элем. Жылдыз шакиртим мени издеп барып,

ал жактан таппай, анан үйдөн кездештик. Эми делегацияны кантип түзүү маселеси алдыда турду. Машине бере турган бир кишибиз бар – ал Абдылда Мусаев. Ары-бери издеп, аны үйүнөн да таппай калдык, дагы бир зарыл жумуштар менен жүрсө керек – кызматы – БГУнун ректору. Ал колго тийбеген соң эми такси жалдап болсо да, баруу үчүн Зекенин шакирттерин издей баштадык. Эң жакындарынын бири С.Байгазиев эле. Ал мугалимдердин август конференциясынан бошой албастыгын туюндурду. Мелис Акматалиев да бир себептерди айтты. Ошентип, мен, Лайли Үкүбаева, Искендерова Суусар, анан өтө күйүп-бышкан шакирти Жылдызды алып, бир машина таап, өзүм баштап Алма-Атага жөнөп калдык. Азыркы кууроган заманда Алма-Атага илгеркидей шыр жетип барыш кайда? Жолдо көптөгөн тосмолор. Ошентип отуруп эптеп жетсек, Мусрепов атындагы театрда эл Зеке менен коштошуп бүтүп калыптыр. Биз да сөөктү бир айланып өтүп, анан Сауле эже жана улуу баласы Серик менен көрүшүп, туруп калдык. Аңгыча митинг башталды. Эл көп, университеттин кишилеринен эч кимиси көрүнбөдү. Эптеп чуркап жүрүп Жылдыз бирөөнү таап, мени тизмеге жаздырды. Мага Абдужамил Нурпеисовдон

кийин кыргыз деп экинчи сөз берди. Эмнени айтабыз андай учурда! Казак-кыргыз окумуштууларынын достугуна чоң салым кошкон улуу Ауэзовдун улуу шакирти Зеке тууралуу эки ооз сөз айтып, калганын кийин китепке жазамын деп эл алдында убада бердим да, аялы, баласына, жалпы эле университеттин коллективине «кайрат кылгыла, артын кайрылуу кылсын» деп, түшүп кеттим. Мүрзөгө барып топурак салууга аял, эркектер аралаш бара берет экен. Биздин кыздар да кошо барышты. Андан соң бир чоң ресторанда кара ашы өттү. Бизден Жылдыз чыгып, Зекенин кыргыздар үчүн жасаган өлчөмсүз эмгегинен бир үзүм айтты. Кетээрде Сауле эжеге алып барган арзыбаган кошумчабызды тапшырып, жүрүп кеттик. Мына ошентип арадан бир топ убакыт өтүп кетти. Зекенин кыркына бара албадык. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет деген ошол экен. Баягы совет заманындай кененчилик жок. Ары тартып, бери тартып, анибыз-мунубуз бүтпөй жатат деп биз да өтөбүз бир күнү. Мына, бүгүн 12-март 2007-жылы дем алыш күндө «Күндөлүктөрүмдү» аңтарып, Зеке менен болгон жолугушууларды иргеп олтурам. Эми мындан аркы сөзүм ошондогу

жазылган тартипте эч кандай кооз сөз кошпой, карандай эле фактыларды тизмектеп берейин.

Жогоруда мен Зекенин канча кишиге оппонент болуп, советтин ишине кандай активдүү катышып келгенин эскерттим эле. Көрсө, бул анын өз устаты М.Ауэзовдун да таасири белем. Ал киши жаш кадрларды кантип издеп таап, кандайча тарбиялаганына Зеке нечен ирет күбө болуп жүргөн. Бул жерде Кабдолов али окумуштуулук чоң жолго түшкөнгө чейинки Мухтар Оморхановичке тиешелүү бир фактыны эскерте кетүү зарылдыгы бар. М.Ауэзов Кыргызстан Илимдер академиясындагы Манас секторунда иштеп жүргөн жаш окумуштууларга консультант болуп жүргөндүгү тарыхтан жакшы белгилүү. Мисалы, Тазабек Саманчиндин өз оозунан уккандар айтып жүрүшөт. Ал «Молдо Кылыч – жазгыч акын» деген темада Алма-Атада кандидаттык диссертация жактаганда Мухтар ага ошол окуяга арнап, илимий жетекчи катары банкет уюштуруп бериптир. Ташым Байжиевге «Семетей» боюнча тема берип иштетип жүргөн экен, бирок, ал камалып кетип, корголобой калыптыр.

Мына ушул жакшы салтты уланткан Ауэзовдун шакирттеринин бири З.Кабдолов болгон.

6102

Мен казак академиясында иштеген академик Заки Ахметов менен 1982-жылы шакиртим А.Акматлаиевге оппонент болуп келген кезинде жакындан таанышып, ошондон кийин ал мени Казахстанга эки кишиге оппоненттикке чакырды. Бирөө М.Тлеужанов деген окумуштуунун диссертациясы эле. Ошондо банкетке З.Кабдоловго жакын отуруп, бир аз сүйлөшүп калган элек. Кийин ал менин эки шакиртиме (С.Байгазиев жана Е.Шагалова) оппоненттик этти. Бул визит экөөбүздү бир топ жакындаштырды. Адегенде ал Советбектин сыйын көрүп, анан Шагалова университетте иштеген апасынын үйүнө чакырып, бир аз орусча (анын улуту еврей эле, кийин Америкага ооп кетти) чай беримиш этти.

1985-жыл, сентябрь

Бир жыл мурун мага Чокан Валихановдун 150 жылдыгына карата доклад жасоо үчүн чакырык келген. Ага карата агартуучунун эки томдугун бүт окуп чыгып, аябай даярданып, доклад жасагам. 16-сентябрь күнү аны пленардык чоң жыйында окуп бердим. Дурус эле болду окшойт. Тааныгандар да, таанышабыз дегендер да колумду кысып куттукташты. Бул жолу мен Зеке менен Т.Какишевдин үйүндө мейман болдум. Эртеси

Чокондун туулган жери жана эстелиги тургузулган Алтын эмел (Алтын ээр) жерге алып барышты. Интервью алып, телевидениеге тартышты. Доклад кийин китепке чыкты.

**1986-жыл, июль**

1984-жылы Зейнолла Кабдоловдун оппоненттиги менен кандидаттык диссертациясын корғогон С.Байгазиев мага Зекени тоого (Жумгалга), андан соң көлгө мейманга чакыралы деди. Бул сунушту Зеке кабыл алып, 20-июлда биз (аялым, неберелерим менен) аны Кочкордон күтүп алдык да, Сыдыков Насыр деген шакиртим атасынын үйүнө алып барып, коноктоду. Ошол тушта өлкөдө катуу тартип орноп, арак сатылбай калган. Бирок, Насырдын атасы Сыдык сарамжалдуу киши экен, подвалга аракты толтуруп коюптур. Бизди колдон келишинче сыйлады. Мен шакиртимди биз «сенин арак магазиниң жабылмайынча кетпейбиз» деп тамашалагам. Ошол сөз Зекенин мээсине кандай орноп калганын билбейм. Аны үч-төрт жыл айтып жүрдү. Анан Сыдыков диссертация коргоп, он чакты жыл өтүп кеткен соң ага жолуккан кезде баягы сөздү дагы кайталап айтып турбайбы. Ошондой эс тутуму абдан күчтүү киши болчу.

Эртеси Сыдыковдун үйүнөн чыгып, Жумгалга С.Байгазиевдикин көздөй бет алдык. Ал Чаекке жакын Ленин атындагы колхоздо жашаган агасы Жумуктун үйүнө алпарып, анда бир күн түнөгөндөн кийин автобуз менен «Тегерек»деп аталган жайлоого жөнөдүк. Боз үй тиктирип коюптур. Он чакты күн ошол жерде чогуу жашап, бирге насиптеш болуп жүрдүк. Мен бир күнү кымыздын тунугун (гүлүн) ичебиз деп кошуналарды кыдыртып чыктым. Ар бир үйдөн бирден сепел чыныдан кымыз ооз тийип отурганда эле ичибиз тызылдап, бир топ болуп калдык. Зеке менен Сауле эже ошону көпкө чейин айтып, унута албай жүрүштү.

Эртең менен Сауле эже Зекени ээрчитип, басып кетишет да, оо бир оокумда эл чайга отурган кезде араң келишет. Бир күнү Советбек бардыгыбызга бирден ат таап, малчылардын майрамына жөнөп калдык. Тоо ашып барыш керек экен. Чер токойду аралап, ичке жол менен ары-бери бурулуп бастырып жүрүп отурдук. Зеке атка анча эмес экен, бир топ кыйналды. Ага караганда Сауле эже шартылдатып тез жүрүп келди. Кайра тартканда машине жолго салдык. Ал жакка көп эл чогулуптур, кыдырып тамак ичтик, сый көрдүк, эл-журт менен тааныштык.

Жайлоодо он күнчө жүрмөкпүз. Анын ортосунда мени Академиянын жалпы чогулушуна (институттун директору кезим эле) мурда чакырган, Борбордук комитетке Масалиев биринчи катчы болуп, тартип катуу эле. Коркконумдан волгамды айдап алып эптеп келсем, деле мени сураган киши жок. Бир конуп алып, кайра жөнөп кеттим. Меймандарга кез-кез куюп берүүгө арак аттуу эчтеме жок, куру бардым. Кийин кыштакка түшкөнүбүздө колхоздо мурда башкарма болуп жүргөн авторитеттүү Т.Бокчубаев деген киши козу союп, бирок, бозо менен коноктоду. Зеке андайды көрбөптүр, ичкен жок. Биз деле кымыздан кийин ага анчалык табитибиз тартпады.

Ошентип, он чакты күн өткөн соң, мен өз машинем менен Фрунзеге багыт алдым да, Зекени болсо көлгө Кубат Ибраимов деген шакиртим алып кетип, алар ал жакта он эки күнчө жүрүштү. Кубат кызмат кылып, жер-жемишин ташып жатты. Анан Алма-Атага узатып койду. Мен ал ишке катышканым жок. Мурда план ошондой түзүлгөн. Бул июль айында өткөргөн турмушубуз болчу.

**1987-жыл, декабрь**

Зекенин 60 жылдыгын тойлойбуз деп, мен, Советбек, Насыр Сыдыков, Мааткасым Садыков

болуп, Кубат машине айдап, жөнөп калдык. 12-декабрь анын туулган күнүнө карата биз 11-декабрда туура эле үйүнө барып түштүк. Бизге мейманкана заказ берип коюптур. Өзү чуркап, орноштуруп жүрдү. Эртеси иштеген жерине барып папке тапшырып, белек-бечкектерибизди бердик. Сауле эже жок экен, бирок, кечинде кафедрасынын мугалимдери менен бирге бизди үйүндө кабыл алып, «менин кыргыздарым келиптир» деп абдан сыймыктанып, кубанып жатты. Советбек «Кыргызстан маданияты» газетасына чыккан макаласын тапшырды.

60 жылдыкка барганга туташтырып, Зеке мени Икрамова Раушан деген аялга биринчи оппоненттике дайындаган. Советтин ошол отурушунда Кубат Ибраимов менен Мааткaзым Сыдыковдордун диссертациясы коргоого кабыл алынды.

**1988-жыл, февраль**

Ошол жылы ноябрда мен Академиянын тил, адабият институтунун директорлук кызматын өткөрүп берип, Улуттук университетке профессорлук кызматка өткөнмүн. 15-февралда Кубат Ибраимовду колдоп коёюн деп Алма-Атага жөнөдүм. Сапар Бегалиев экөөбүздү бир жердеш

тууганы машинеси менен алып барды. Коргоо жакшы өттү. Зеке Советти өзү башкарып отурду. Андан кийин банкетке келди. Менин көңүлүмдү көтөрмөккө аркы-беркини сүйлөп, тамаша айтып, жадырап-жайнаган маанайда тарадык.

**1988-жыл, март**

Зеке менин шакирттеримди биринин артынан экинчисин корготуп жатты. Казактардын арасында күңк-мыңк болбой койгон жок, бирок, бул киши мындай оппозицияга анча маани бербей иштей берчү, б.а., «ит үрө берет, кербен жүрө берет» деген принципте жүрчү. Мааткасым Садыков 28-мартта коргоду. Зеке достору Заки ага, Турсукелерди (Турсунбек Какишев) ээрчитип, банкет болгон бир жеке адамдын үйүнө барып, баланын турмушу анча эмес экенин байкатпай, б.а., кээ бир башка адамдарча сыр көрсөтпөй, жакшы отурду. Бала оштук эле, анын көңүлүнө кетпесин деген ниетти карманды окшойт. Укмуштуудай дипломат, акылман киши эле. Адамдарды көзүнөн эле ичинде эмне ою бар экенин билип турчу. Кийин Оштон дагы бир илгери désинститутта мен окуткан шакиртим Мырза Сулайманов деген адам менин атыман барып, окуу китебин коргоого өткөрүптүр.

Бирок, ал шайтан мага да, ага да эч бир сый көрсөтпөй басып кеткенине бир аз наразы болду.

**1988-жыл, июль**

8-июлда дагы да Оштун Алайкуу деген жеринен келген, менден аспирантурада окуган Абдырашитов Бекмурза деген жигит коргогондо Зеке оппоненттик этип, кворум болбой калбасын деп, Заки ага менен Турсуке досторун ээрчитип келиптир. Бул жолу да кадимкисиндей жадырап-жайнап, Бекмурзанын атасы менен ал-жай сурашып, жакшы маанайда баарлашып отурду.

**1988-жыл, декабрь**

Азыр чоң бизнесмен, «Акун» деген ун чыгарган комбинаттын негиздөөчүсү Турсунбеков Чыныбай коргоду. Оппоненти Заки Ахметов болчу. Зеке аны коштоп дагы келди. Бул да болсо мени сыйлагандык. Кечки сый тамакка баягындагысындай өзү күлүп, элди да күлдүрүп, тамаша айтып отурду.

**1989-жыл, декабрь**

Рахима Сыдыкова деген шакиртим коргоду. Күйөөсү өлүп калган. Балдары жаш. Зеке ушул шарттарын эске алып, чыйрыйттабай үйүнө барып, тамагын ичип, жан кыйбас досу Заки Ахметовду

ээрчите келип, карыган энесинин батасын алып кайтышты.

**1991-жыл, 12-декабрь**

Зеке Чыңгыз Айтматов менен курдаш жана жакшы маиледе жүргөн. Айтматовдун ага арнаган «Кызыл алма» деген аңгемеси да бар. 12-декабрда Айтматов клубунун негизделишине карата Заки ага экөө ушул иш чарага карата келип кетти. Бул окуяга абдан чоң маани берип, абдан кубанды.

**1991-жыл, апрель**

Менин Айылчиев Канат деген шактиртим диссертация коргоп, ошондо Заки Ахметовдун баласы да коргоп, Зеке ага оппоненттик этти. Финансы-экономикалык техникумдун ашканасында чакан банкет өткөрдүк.

**1992-жыл, сентябрь**

Казахстандан Республикалык китепкананын директорун баш кылып, Чолпон-Атадагы Ауэзовдун музей-үйүнө «тегерек стол» өткөрөбүз деп, келип калышты. Бул жактан Мелис, мен, Лайли Үкүбаевалар болуп эки күн чогуу жүрдүк. Адегенде музейди көрүп, сөз сүйлөп, официалдуу бөлүк бүткөндөн кийин боз үйдө тамак беришти. Ауэзовдун кызы Лейла Ауэзова да келиптир.

«Тегерек стол» жакшы өттү. Кечинде эки академикти Лайли бир досунукуна алып барып сыйлады. Абдан жакшы отуруп, пионер лагерге барып кондук. Эртеси көлгө түшүп, эс алдык, сүйлөштүк, аркы-беркини айтышып, досторубуз абдан көңүлдүү жүрүштү. Кечкурун аларды өздөрүнүн микроавтобусу менен Алма-Атага узаттык.

**1992-жыл, октябрь**

Жылдыз Бакашева Алма-Атада докторлук диссертациясын Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча коргоду. Консультанты мен жана Зеке экөөбүз элек. Советти орунбасары Жангара башкарды. Бул жактан оппоненттикке К.Асаналиев барган. Коргоо жакшы эле өткөн, бирок, бул жолу экөөбүздүн тең «душмандарыбыз» иштеп, башка республикадагы диссертацияны бул жакка биздин ВАК аркылуу чакыртып алышып, Вакуленко деген какол-еврей тескери рецензия жазып, ага Ч.Жолдошова экөө кол коюп, ошону менен ал иш бир жыл бою бекибей жатып, терс пикир жазгандар менен сүйлөшүү жүргүзбөй эле өжөрлөнүп отуруп, жыйынтыгы жакшы бүттү.



**1993-жыл, февраль**

Менин 60 жаштык юбилейлик жылымда ага-досум Зеке мен үчүн атайын кам көрүп, Алма-Атага чакыртты. Бул жактан бир студенттин машинесин айдатып алып, өзүм жалгыз бардым. Шакирт-макирт дегендер баштагыдай эле ар кимиси көр тирлиги менен алек болду окшойт. Үч күн жүрдүк. Университеттин мейманканасына жайгаштырып, күндө бирөө чакырып, аябай сый көрсөттү. Республикалык китепканада менин китептеримдин көргөзмөсүн уюштурушуптур, алардын кызматкерлери менен жолугушуу өтүп, бир топтору чыгып сүйлөштү, мактоо сөздөрүн айтышты.

Алардын башында досторум Заке жана Зекелер турушту. Видикке тартып, анын пленкасын мага белекке беришти. Кетер күнү Алма-Атадан 60 километр алыс чыгып, машинелерди токтотуп коюшуп, эки академик жана декан Жангара Дадебаевдер мени көпкө чейин кармашты. Андан соң жаман москвичти айдатып, жолго чыктым.

**1993-жыл, март**

Кыргызстандын Адистештирилген Кеңешинде Нурсултан Назарбаевде жардамчы болуп иштеген Мырзатай Жолдосбеков Жамбылдын чыгармачылыгы боюнча докторлук диссертация коргоду. Советти мен өзүм башкардым. Ал эми ал кишинин колдоочулары көрүнүктүү казак окумуштуулары Кайдаров, Каскабасов, Кыйрабаев, Дадебаев, Ахметовдор бир күн мурда келишкен. Мен алар менен студенттерди жолугуштуруп, андан соң кичине банкет бердим. Зеке мени колтуктап, бешинчи корпуска чейин ардеме-бирдемелерди сүйлөп, кубанганын, жетине албаганын жашыра алган жок. Тигил казак досторуна мактанган сыяктанды.

Коргоо ийгиликтүү өтүп, адегенде Ысык-Көл ресторанында банкет болду. Андан соң бир тобубузду Георгиевкага алып барып, дагы бир чоң

ресторанга банкет берди. Тойдо мен Заке менен Зекенин жанында отурдум. Алар мага абдан көңүл бурушту.

**1993-жыл, 24-октябрь**

Менин 60 жылдыгыма Зеке досу Заки аганы албай келиптир. Экөө даана макулдашкандай албай калгандай көрүнөт. Жанында Жангара жана дагы бир казак жазуучусу жүрдү. Мейманканага жайгаштырып, жанына шакирттеримди күзөткө койдум. Алар биринен сала бири сый көрсөтүшүптүр. Той Улуттук университеттин ашканасында өттү. Зекенин маанайы жакшы эле болгонсуду. Тойдон кийин дагы шакирттерим аны узатып жүрүштү.

**1994-жыл, сентябрь**

Зейнолла Кабдоловдун Советинде шакирттерим Анара Кадырова менен Айгүл Дүйшембиевалар коргошту. Биринчи оппонент катары Нарымбетов деген Академияда иштеген бир мээримдүү ага бар эле, ошол болду. Банкет да ошонун үйүндө өттү. Бул жактан Айгүлдүн апасы тай союп барган, Зекеге уча тартып, анын маанисин түшүндүрдүм. Казактарда жылкынын учасына караганда башын урматтай турганын Георгиевкада М.Жолдосбеков-дун тоюнда байкаган элем. Ошондон кийин уча кыргыздарда

өтө урматтала турганын билип калып, кийин келгендеринде аны Алма-Атага ала кетип жүрдү.

**1995-жыл, ноябрь**

Ош жактан дагы бир шакиртимди Алма-Атага алпарып, Зекенин Советинде корготтум. Кыздын темасы бир топ татаал эле. Г.Койчуманова Зекенин оппоненттери берген опурталдуу суроолорго жооп бере албай, бир топ кыйналды. Мен дагы ал Советте мүчө элем. Анан Заки Ахметов теманын маанисин ачып, абдан жакшы сүйлөп, элди ынандырып койду эле, добуш жакшы эле берилди. Бирок, ошол жактан келген элдин бир жаман адаты бар экен, диплом алган соң мага да, ага да бир кайрылып келбей экөөбүздү бир аз иренжитип койду.

**1994-жыл, июнь**

Мен Зекенин сунушу боюнча Нагима аттуу бир аял кишинин диссертациясына оппонент элем. Барсам Зеке больницага түшүп калыптыр, бирок, мага каралап бир-эки күн чыгып келди. Мага камкордук көрүлүп, коргой турган кишиге аны-муну дайындап жүрдү. Бул эмне деген адамкерчилик! Больницадан эле коргой турган кишисине минт-ант деп коюп, жата бербейби!?

**1997-жыл, май**

Нургүл Койчуманова деген шакиртим Алма-Атадан Зекенин Советинен коргоду. Ал өзү башкарып отурду. Темасы Мар Байжиевдин чыгармачылыгы боюнча эле. Ал киши келеби, келсе жакшы болот эле деп тынчсызданып отурганда Мар залга кирип келди. Ошону менен коргоо бир топ жандана түштү. Университеттин ашканасында өткөн банкетте Зеке баягыдай эле жаркылдап-жайнап жүрдү. Нургүлдүн эне-атасын куттуктап, аларга да көңүл бөлгөнгө үргүлдү.

**1997-жыл, сентябрь**

Ауэзовдун 100 жылдыгына Аль-Фараби университеттине бардым. Зеке коноктор менен анын туулган жерине кетиптир да, мени шакирти Жангара Дадебаевге аябай дайындаптыр. Ал жакшы тосуп алып, жакшы узатты. Капчыгай деген жерге алып барып, адегенде эл менен жолугуштурду, сүйлөттү. Мен кыргыз-казак мамилесине бир аз токтолдум. Андан соң ресторандан тамак берип, капчыгайдагы жасалма көлүнө (суу сактагычка) алып барышты, сейилдедик, ырдадык, көңүл ачтык дегендей. Андан кийин кетерде бардыгыбызга бирден чоң карапа белек берип, узатып жибериšти.

1998-жыл, декабрь

Кыргызстанда Нуркан Айтпаева менен Күлүйпа Жумабекова деген шакирттерим кандидаттык диссертация коргошуп, бул жолу эки академик, үчүнчүсү Турсуке келишип, тигил эки келинди колдоп беришти. Айрыкча котормо боюнча жактаган кыз бир аз жүдөп, конокторду жер каратты. Эки кара шарик тоголонду эле, казак досторум «эч нерсе эмес» деп, мени сооротуп коюшту. НАКтан кароо мезгилинде да менин «оппоненттеримдин» тоскоолдугу байкалды.





2001-жыл, сентябрь

Зекенин мугалимдик ишмердигинин 50 жылдыгын майрамдоого Мелис экөөбүз келдик. Университеттин жыйындар залында өткөн ардактоо мезгилинде ал кишинин кыргыз филология илиминин өнүгүшүнө кошкон салымын, анын кадрларды даярдоодогу сиңирген эмгегин өзгөчө белгилеп, экөөбүз тең сөз сүйлөдүк. Зеке банкетте бизге абдан көңүл буруп, мени жанына отургузуп алып, аны-муну айтып жатты. Кез-кез ар кимдин күлкүлүү ырларынан жатка айтып, кубанып, жайнап отурду.

**2002-жыл, ноябрь**

Менин А.Мусаев жана С.Байгазиев деген шакирттерим докторлук диссертация коргошуп, Зеке Советбекке оппоненттик этти. Бул жолу ал эмнегедир шашып келди да, тез кайтты. Мусаевди да колдоп, сүйлөп берди. Мен кечинде Абдылданын банкетинде Заки-ага менен отурдум. Бул анын Кыргызстандагы акыркы сапары болуптур. Эртеси аны узатып, шаардан алысыраак чыккан кезибизде Заки–ага Болотжан деген фольклористке «биз эми чарчадык, мындан ары өзүңөр келип турасыңар го» деген экен кайран киши. Бул анын керээзине окшоп кетет.

**2002-жыл, декабрь**

Мен Мелис экөөбүз такси жалдап, Заки Ахметовго топурак салып, коштошконго бардык. Сөз сүйлөдүк. Ал кишинин кыргыз окумуштууларын даярдоодогу эмгегин көрсөттүк. Бул жолу ага-досум Зеке абдан капа болуп жүрдү. Чечилип эчтеме сүйлөшө албадык. Айткан сөзү ушул болду: «Турмушта окшош учурлар көп болот тура. Закинин эң жакын досторунун бирин машина уруп өлдү эле, эми муну карабайсыңбы, ошонун кайталанышын. Ажалды кайдан деп айтыш кыйын тура».

2003-жыл, 26-октябрь

Менин 70 жылдыгым. Бул жолу ал өзү биреөгө машина айдатып, кемпири экөө гана келди. Тойдо толкунданып сөз сүйлөдү. Мени Айтматовдун катарына коюп, б.а. илимдеги Айтматов деп, бир топтордун ичин тырыштырды. Аягына чейин отура алган жок. Дары ичип жүрүптүр, кемпири эптеп алып келген экен. Ошондон кийин ал улам-улам больницага жатып жүрдү. Инсульт алыптыр.

Ошентип, бул жолку келиш анын акыркы сапары болуптур. Асыл жүрөк, ак пейил ага-досум менен ошентип коштоштум. Анын жаркын элеси менин жан дүйнөмдө жашай бермекчи. «Мен однолюбмун, Абыкемди жакшы көргөм, жакшы көрө берем» дечү эле асыл досум! 80 жылдыгын өткөрбөй түбөлүк жайга узап кете берди. Артында атын өчүрбөй турган илимий жана көркөм мурастары калды. Улуу баласы Серик илимдин доктору, калгандары да жаман эмес. Сауле эже күжүрмөн, кайраттуу, билимдүү байбиче. Зеке үчүн өмүрүн арнаган адам.




## СОҢКУ СӨЗ

## УРМАТТУУ САУЛЕ ЭЖЕ!

Зекем менен беш көкүл кыз кезиңизде баш кошуп, максаттуу өмүр сүрүп, ал кишинин чыгармачылык лабораториясын жакшы билген адам катары Зекенин адабий, илимий мурастарын пропогандалоодо негизги жүктү көтөрүү Сиздин үлүшүңүзгө таандык. Эми Зеке тууралуу роман-эссе жазууга камынган шакирттерин Сиз шыктандырып, аларга тааныш эмес көп сыр сандыктарын ачып бересиз го деп ойлойм. Кыргыз досторун да эсиңизден чыгарбай, байланышыңызды үзбөй жүрөсүз го деп ишенем. Биз да өз тарабыбыздан аракеттер жасайбыз. Зекени - өзгөчө камкор, сыйкор, мээрман досубузду ар дайым эсибизден чыгарбай сый-урмат көрсөтүү биздин ыйык парзыбыз деп ойлойм.